Педагогикалык кеңеш
тарабынан кабыл алынган
Протокол № 1 «1» 09 2017-ж.

«Бекитемин»
Мектеп жетекчиси ________ Боркеев Э. Т.
«1» 09 2017-ж.

# Камчибек Шакиров атындагы Сынташ орто мектебинин гуманитардык сабактардын «Улут байлыгы –тил» усулдук бирикмесинин

# 2017-2018-окуу жылынын иш планы

| № | Иштелүүчү иш-чаралар | Мөөнөтү | Ким аткарат | Эскертүү |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Өткөн окуу жылынын жыйынтыгын анализдөө жана жаңы окуу жылынын иш планын иштеп чыгуу | август | УБ нин жетекчиси | |
| 2 | Окуучулардын сабаттуулугунун устундө иштөө | Жыл бою | **мугалимдер** | |
| 3 | Окутуунун жана тарбиялоонун биримдиги – билим берүү системасын реформалоонун артыкчылыктуу багыты.(доклад) | август | Алымкулова А. А | |
| 4 | Усулдук бирикменин жобосу менен тааныштыруу | август | УБ нин жетекчиси | |
| 6 | Сабактын календардык жана күндөлүк пландарын «Улуттук» куррикулумдун негизинде түзүү | Август | мугалимдер | |
| 7 | 2017-2018-жылга карата УБ нин планын түзүү бекитүү, календардык-тематикалык планды түзүү | август | мугалимдер | |
| 8 | Жөндөмдүү окуучулар менен иштөө, кружоктордун планы жана класстан тышкаркы иштердин планын түзүү жана бекитуу | сентябрь | мугалимдер | |
| **10** | Өз билимин өркүндөтүү боюнча | Жыл бою | мугалимдер | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | темалардын үстүндө иштөө | | | |
| **11** | Компетентүүлүктү эске алуу менен билим берүүнүн мазмунун өркүндөтүүгө жетишүү | Жыл бою | Мугалимдер | |
| 11 | УБ нин мугалимдеринин кесиптик жогорулатуучу курстардан өтүүсү | Жыл бою | УБ нин жетекчиси | |
| 12 | Программалар. автордук иштелмелер, нускамаларды иштеп чыгуу | Жыл бою | мугалимдер | |
| 13 | 23-сентябрь Малекеттик тилди даңазалоо. өнүктүрүү максатында 3 айлыкты жарыялоо жана өтүлүүчү иш чаралар. | Сентябрь<br>октябрь<br>ноябрь | мугалимдер | |
| 14 | Административдик тесттерди иштеп чыгуу | Октябрь | мугалимдер | |
| 15 | Сапаттуу билим берүүнүн негизи катары окуучунун класстын, мектептин деңгээлинде билим берүү процессинин натыйжаларын көзөмөлдөөнүн жана диагностикалоонун ыкмаларын киргизүү | Жыл бою | Мугалимдер | |
| 16 | Ачык сабактарды жана класстан тышкаркы иштерди өткөрүү планы жана графиги | ноябрь | мугалимдер | |
| 17 | Интерактивдүү методдорду колдонуп өтүү, кластер, сабак-диспут, сабак-сахна, сабак- конференция, инсерт, диаграмма, БББ ж.б. | Жыл бою | мугалимдер | |
| 18 | 5-11- класстарда кыргыз тили жана адабият сабактарынан интеллектуалдык | октябрь | мугалимдер | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | марафонго материалдарды даярдоо жана өтүү. | | | |
| 19 | Мектепте предметтик олимпиадаларды өткөрүү жана кийинки этаптарга даярдоо | ноябрь | мугалимдер | |
| 20 | Окуучулардын билим сапатынын мониторингин түзүү, талдоо, отчет даярдоо | декабрь | мугалимдер | |
| 21 | «Кыргыздын улуттук каада-салттарын өнүктүрүү » деген темада доклад | январь | Кенжалиева М. З. | |
| 22 | Окуучулардын арасында көркөм окуу, Манас, дастан айтуу ,макал-ылакап, жаңылмач боюнча конкурс уюштуруу | январь | мугалимдер | |
| 23 | Биз Манастын урпактарыбыз. Класстар арасында команда түзүп, мектеп ичинде телетаймаш өткөрүү. | февраль | мугалимдер | |
| 24 | Жөндөмдүү окуучулар менен иш алып барууну күчөтүү жана көзөмөлдөө. | Жыл бою | УБ нин жетекчиси | |
| **25** | «Жыл мугалими»,»Эң мыкты класс жетекчи» конкурсуна катышуу үчүн мугалимдерден көрсөтүү | март | УБ нин жетекчиси | |
| **26** | Педагогикалык окууларды өтүү. Кыргыз тили жана адабиятын окутуунун технологиясы.Азыркы сабактарга коюлуучу талаптар. | апрель | Алымкулова А. А. | |
| **27** | Окуу жылдын ичинде пландуу текшерүүлөр (дилбаян, баяндама, жат жазуу, тест) алуу. | апрель | УБ нин жетекчиси | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| **28** | Окуучуларды экзамендик дилбаян, баяндама иштерине даярдык | Апрель,май | Мугалимдер | |
| **29** | Жыл боюнча иштердин жыйынтыгы | май | УБ нин жетекчиси | |
| **30** | Коюлган проблеманын аткарылышын анализдөө | май | УБ нин жетекчиси | |

## К. Шакиров атындагы Сынташ орто мектебинин гуманитардык сабактарынын «Улут байлыгы - тил» усулдук бирикмесинин 2017-2018-окуу жылында аткарылган иш чарага Талдоо

Бирикменин жетекчиси – Алымкулова А.А.

**Сентябрь**

2017-2018 окуу жылынын башында усулдук бирикменин жетекчиси Алымкулова Айсалкын Алымбековна бирикменин мүчөлөрүн чогултуп, алар менен бирдикте I жарым жылдыкта аткара турган иш чаранын планын бекитти. Чогулушта жаңы окуу жылында окуу процессиндеги өзгөрүүлөр жөнүндө, сааттардын кыскартылышы же болбосо көбөйтүлүшү жөнүндө талкуулашты.

Мамлекеттик тил күнүнө карата мектепте 12-сентябрь күнү кыргыз тили жана адабияты мугалими Кенжалиева Мээрим Зоотбековна салтанаттуу линейка өткөрдү. Тилдин бир айлыгы жарыяланды. Ай ичинде мектеп мугалимдери ачык тарбиялык сааттарды өтүштү, ар бир класс дубал гезит чыгарышты. Тарбиялык сааттарда класстардын жоопкерчилик менен даярдангандары көрүнүп турду. Сабактар эстетикалуу, көркөм жана бай жабдылган. Мугалимдер интерактивдүү ыкмаларды колдонуу менен сабактарын эң жогорку деңгээлде өтүшкөндүгү баса белгилеп кетүү керек. Тил майрамынын жабылышына карата линейка уюштурулду. Анда тарбиялык сааттарда көрсөтүлгөн кызыктуу сценкалар, «Манас» айтуу, обондуу ырлар ырдалды жана көркөм ырлар окулду.

**Октябрь**

Октябрь айында мектепте орус тили жана адабияты декадасы жарыяланды. Декаданын өтүлүшүнө орус тили жана адабияты мугалимдери – Солтонкулова Н.Ж. менен Иманалиева Л.М. жооптуу болушту. Анда мугалимдер ай ичинде ачык тарбиялык сааттарын өтүшүп, жогорку деңгээлде даярдалган линейка өтүштү. 4-класста Койчуманова З.Э. «Что такое хорошо и что такое плохо?» деген темада ачык сабак өттү. Мугалим сабакты сүрөт, музыка жана табият таануу сабактары менен байланыштырып, азыркы кездеги экологиялык көйгөйлөргө токтолуп кетти. Окуучулар сабакта бош жана ишенимдуу отурушту. Алар «плохо» жана «хорошо» деген сөздөргө класстер түзүштү. Жаңы сөздөргө сүйлөмдөрдү түзүштү. Көркөм ырларды окушту. Сабак кызыктуу өттү.

Солтонкулова Н.Ж. 7-класста «Пушкин в Михайловском» аттуу сабакты өттү. Окуучулар орус элинин акыны Пушкин жөнүндө көп кызыктуу нерселерди айтып

беришти, анын бир топ ырларын көркөм айтып, өмүр баянынан кыскача үзүндү коюп беришти. Мугалим интерактивдүү ыкмаларды сабакта көп колдонду.

План боюнча орус жана кыргыз адабият сабактарынан окуучулардын окуу техникасын усулдук бирикменин мүчөлөрү менен бирдикте текшердик. Катышкан мугалимдердин байкоосу менен кээ бир окуучулардын окуу техникасы начар болгону айтылды, алар менен кошумча сабактарда көбүрөөк иштөө керектиги айтылды.

Ай ичинде бирикменин эки мүчөсү Тейишова Ж.К. «Фразеологизмдерди окутуунун ыкмалары» жана Кенжалиева М.З. «Жаштардын адептүүлүгү» деген темаларда докладдарын жасашты. Адептүүлүк – бул тартиптүүлүк, кичипейилдик, боорукелик. Ата-бабалардан калган асыл ой, наркту салттар бар. Андай салттардин бири – адептүүлүк салты жөнүндө доклад окулду. Докладдар абдан кызыктуу болушту, окулуп бүткөндөн кийин катышуучулар тарабынан талкууланды.

Кыргыз элинин көрүнүктүү дирижеру Асанкан Жумакматовдун 90 жылдык маарекесине карата ар бир класс жетекчи класстык сааттарын өтүштү, мектептин редколлегиясы тарабынан дубал гезит чыгарылды, окуучулар дил баян жазышты.

**Ноябрь**

Мектеп ичинде окуучулар арасында кыргыз тили жана адабияты, орус тили жана адабияты, анлис тили боюнча олимпиада өткөрүлдү. Олимпиадада окуучулар дилбаян, жат жазуу жазышты, тест үстүндө иштешти, ырлардан көркөм окушту. Биринчи орундарга ээ болгон окуучулар линейкада белгиленип, аларга алкыш жарыяланды.

**Чет тили** мугалими **Бекбатырова Б.К.** 6-класста ачык сабак өттү. Сабакта окуучулар анлис тилин кызыгуу менен үйрөнөөрү байкалды. Сабак оюн түрүндө өттү. Жаңы сөздөр менен сүйлөмдөрдү түзүштү. Сабакка мугалимдин жана окуучулардын даярдыгы жакшы деп белгиленди.

Аны менен бирге ай ичинде кыргыз тили, орус тили жана англис тили сабактарынын дептерлерин текшерип, предметтер боюнча срездер алынды. Жогорку класстар арасында 6-класстын окуучуларынын дептерлери начар экендиги белгиленди. Ушул окуучулар менен предмет мугалимдердин көп иштөөсү зарыл экендиги белгиленди.

**Декабрь**

Ар жыл сайын мектеп ичинде декабрь айында Чынгыз Айтматовдун туулган күнүнө карата ар кандай иш чаралар өтүлүп келет. Быйылкы окуу жылында Айтматовдун 93 жылдык маарекесине карата мектепте ар бир класс жетекчи класстары менен даярдалган ачык сабактарын мугалимдерге тартуулашты, кереге гезиттерди чыгарышты. Жазуучунун басып өткөн чыгармачылык жолу айтылып, балдардын жүрөгүнөн орун алган

чыгармаларынан үзүндүлөрдү аткарышты. Мыкты сабакты тартуулуган кыргыз тили жана адабияты мугалими **Тейишова Жылдызбү** эжеге алкыш жарыяланды.

Предметтерден тестер алынды. Ар бир тест 8-10 суроодон турган. 3-4 вариант жообу бар. Суроолору өтө кыйын болбогондуктан көп окуучулар жакшы деген бааларга ээ болушту. Өзгөчө 9-класстын окуучулары жакшы жыйынтыкка жетишти.

**Январь**

Январь айында усулдук бирикменин мүчөлөрү I жарым жылдыкта болгон жетишкендиктерди жана кетирген кемчиликтерди талкууга салып, иштелген иштер канааттандырарлык деп белгиленип, II жарым жылдыкта кетирилген кемчиликтерди жоюунун үстүндө иштөөсү зарыл экендиги усулдук бирикменин мүчөлөрү белгилеп кетишти. Сабактарды мыкты өткөргөн мугалимдерге чыгармачылык ийгилик каалоо менен алкыш айтылды. Окуучулардын сабактарда болгон жетишуусу жөнүндө да сөз болуп, начар өздөштүргөн окуучулар менен кошумча сабактарда иштөө керектиги айтылды. II жарым жылдыкта аткарыла турган иштердин планы менен усулдуктун жетекчиси **Алымкулова А.А.** мүчөлөрдү тааныштырды жана аны бекитти.

**Февраль**

Кыргыз тили мугалими **Кенжалиева М.З.** 10-класста «Байламталуу татаал сүйлөм» деген темада ачык сабак өттү. Сабактын тиби – кайталоо болду. Класс 2 топко бөлүнүп, таймашты. Сабакта мугалим көп көрсөтмө куралдарды колдонду. Мугалимдин иш тажрыйбасы көрүнүп турду. Интерактивдүү ыкмаларды – кластер, синквейн, эки беттүү күндөлүктөр сыяктууларды мугалим сабактарда көп колдоноору көрүнүп турду. Окуучулар теманы жакшы өздөштүргөнү кайталоо сабакта көрүндү. Катышкан мугалимдер эжеге ыраазычылыктарын билдиришти.

Орус тили мугалими **Солтонкулова Н.Ж.** 6-класста И.А.Крыловдун «Стрекоза и Муравей» аттуу тамсилинин негизинде ачык сабак өттү. Сабакта окуучулар жалкоолуктун адамга тийгизген терс таасири жана эмгекчилдиктин оң сапаттары жөнүндө сабак өттү. Сабак кызыктуу болду.

**Англис тили мугалими Бекбатырова Б.К.** план боюнча ай ичинде доклад окуду. Докладда чет тилин үйрөтүүдө колдонуулучу ыкмалар, көрсөтмө куралдардын туура колдонуу жөнүндө жана башка көп кызыктуу нерселерди катышуучулар өзүлөрүнө ала алышты.

**Март**

Март айында бирикменин мүчөсү **Кенжалиева М.З.** Кыргыз Билим берүү Академиясына окууга кеткендигине байланыштуу план боюнча өтүлө турган ачык сабагы өтүлбөй калды. Мектептин окуучуларынын орус тили жана кыргыз тили предметтери

боюнча билим сапатын текшерүү учун алынган срездери усулдук бирикменин жетекчисине тапшырылды. Орус тили боюнча мурункуга караганда 4-6-7-класстардын окуучулары  жакшыраак жазгандыгы көрүнүп, мугалимдерди кубандырды.  6-класстын окуучуларынын кол жазмалары начар экендиги белгиленди. Тест тапшырмалары татаал эмес, жеңил түзүлгөн, ошого карабастан кээ бир окуучулардын билим сапаты начар экендиги байкалды.

**Анлис тили мугалими Бекбатырова Б.К.** 5-класста «Dier Sport» деген темада ачык сабак өттү. Сабак өз убагында башталды. Доска эстетикалуу жабдылган, мугалимдин көрсөтмө куралдары көп. Окуучулар сабакты толугу менен өздөштүрө алышты. Сабак «жакшы» деп бааланды.

**Апрель**

Апрель айынын биринде усулдук бирикменин жетекчиси **Алымкулова Айсалкын** бирикменин мүчөлөрүн чогултуп, ай ичинде аткарыла турган иш чаралар менен тааныштырып өттү. Быйыл  улуу дастанчы Токтогул Сатылгановдун 150-жылдык юбилейине карата  9-класста «Токтогулдун насаат-санаат ырлары» аттуу**, Тейишова Жылдызбү** 8-класста «Токтогулдун өмүрү жана чыгармачылыгы» жана **Алымкулова Айсалкын** 6-класста «Улуу дастанчы – Токтогул» деген темаларда ачык тарбиялык сааттарды өтүштү. Сабактар эстетикалуу, көркөм жабдылган. Окуучулардын бардыгы активдүү катышып, чыгармаларын талдашты, санаат ырларын көркөм окушуп, обондуу ырларын аткарып беришти. Ар бир класс Токтогул Сатылгановдун өмүрүнөн үзүндүлөрдү аткарышты. Сабактар жогорку деңгээлде өтүлдү.

Орус тил мугалими «Роль игры в воспитании личности» деген темада доклад окуду. Анда сабактарда колдонулуучу оюндардын ар кандай түрлөрү менен тааныштык жана алардын сабактарга берген жардамы, кайсы учурларда аларды колдонуу туура экендиги жөнүндө доклад окулуп бүткөндөн кийин бирикменин мүчөлөрү талкуулашты. Доклад абдан кызыктуу болду.

Орус тили мугалими **Койчуманова Замира** 6-класста «Сказание о Манасе» деген темада ачык сабак өттү. Сабак адаттагыдай эле гимн аткаруу менен башталды.  Сабак Манастын жети осуятынын негизинде түзүлгөн. Мугалим ар бир осуятка токтолуп, алардын маанилерин түшүндүрдү жана  кыргыз  элине анын зарылдыгы айтылды. Сабак абдан эстетикалуу жабдылган, бардык көрсөтмөлөр өз убагында колдонулуп жатты. Окуучулардын  сабакта болгон активдүүлүгүн баса белгилей кетишибиз керек. Сабак «жакшы» деп бааланды.

Май айынын башында план боюнча усулдук бирикменин мугалимдери 4 жана 9-класстардан кыргыз тили жана орус тили боюнча срез алышып, төмөндөгүдөй

жыйынтыкка келишти: 4-класс орус тилинен жазган срездери боюнча 76%, ал эми кыргыз тилинен 87%; 9-класстын окуучулары орус тилинен алынган тестерде 72%, кыргыз тилинен 74% болду.

9-класстарда алдын алуу сынактары болуп өттү. Кыргыз тили жана адабият мугалими **Кенжалиева Мээрим** буга жооптуу болду. ал эми консультацияларды өтүүгө атайын жүгүртмө түзүлгөн, ошо боюнча мугалимдер сынакка даярдануу консультацияларын өтүүдө.

**Жыйынтык**

2017-2018 окуу жылдарында өтүлгөн иш чараларга бирикменин жетекчиси **Алымкулова Айсалкын** менен биргеликте бирикменин мүчөлөрү жыйынтык чыгарышты. Анда быйылкы окуу жылында аткарыла турган иш чаралар өз убагында жана кызыктуу болуп өтүлгөндүгү. Окулган докладдардын кызыктуу жана натыйжалуу болгондугу айтылды. Аткарылган иш чараларга жалпысынан «жакшы» деген баа коюлду жана кетирилген кемчиликтерди мындан ары жоюуга мугалимдер аракеттерин жасоого убада беришти.

Усулдук бирикменин жетекчиси: Алымкулова А.А.

**К.Шакиров атындагы Сынташ орто мектебинин**

**«Улут сыймыгы - тил» усулдук бирикмесинин жыйналышы**

**ПРОТОКОЛ №1**

4.09.2017 Катышты- 3 УБнын мүчөсү

Жыйналыштын төрайымы: Алымкулова А.А.

Күн тартиби:

1. 2017-2018-окуу жылына карата усулдук бирикменин планын түзүү, бекитүү.
2. Ар кандай маселелер.

Биринчи суроо боюнча усулдук бирикменин жетекчиси Алымкулова А.А. сүйлөдү:

- Урматтуу эжелер, жаңы окуу жылынын башталышы менен куттуктайм. Жаңы окуу жылында өзуңөр билгендей талаптар көп. Ошондуктан баарыбыз талыкпастан, жоопкерчилик менен иштейли. Быйылкы окуу жылында мектеп ичинде мугалимдердин аттестациясы өткөрүлөт. Ага эмитеден эле даярдык көрө башташ керек. Квалификацияны жогорулатуу курстарына барып келсенер абдан жакшы болмок. Быйылкы окуу жылына даярдалган план менен таанышып чыккыла. Эгерде кошумча- алымчанар болсо билдиргиле. Календардын пландагы өзгөрүүлөр төмөнкүлөр болду: 5 жана 6-класстарда орус адабиятына бир сааттан кошулду. Ошон үчүн тез арада жаны план иштелип чыгуусу зарыл. Окуучулардын каллиграфиясына өзгөчө көңүл буруу, окуу техникасына жана срездердин алынышына көп көңүл буруу талап кылынат. План боюнча коюлган тарбиялык иш чараларды өз убагында кечиктирбей өткөрүүгө аракет жасайлы.

Чечим:план боюнча коюлган сабактарды жана докладдарды өз убагында өткөрүү.